УДК 371.3/ 378.147.11

Абдылдаев О.Т., Бейшеналиева У.У.
С.Нааматов атындагы Нарын
мамлекеттик университети

БИЛИМ БЕРҮҮ СИСТЕМАСЫНДА ПЕДАГОГИКАЛЫК ИШМЕРДҮҮЛҮКТҮН ИННОВАЦИЯЛЫК БАГЫТТАЛЫШЫ

Макалада аралыктан билим берүүдө адаттагы педагогиканын негиздерине инновациялык технологиянын тийгизген таасири мүнөздөлгөн. Жаны маалыматтык технологиянын шартында инновациялык жараянды жана педагогикалык технологияны пайдалануунун мүмүнчүлүктөрүн ачып көрсөтүүгө далалат кылынган.

«Инновация» түшүнүгүнүн синоним маанилери болуп «жаңылануу», «ачылыштар», «ойлоп табуулар» терминдери эсептелет. Бири-бири менен мааниси боюнча айырмаланса да, каалаган учурда бул түшүнүктөр чыгармачылык, ишмердүүлүк, креативдүүлүк жыйынтыктары менен байланышкан. Ошондой болсо да, адистердин ою боюнча, эгерде креативдүүлүк жаңы идеяларды жылдырууга багытталса, анда инновациянын айырмаланган мааниси болуп аны практикада ишке ашыруу эсептелет.

Инновация түшүнүгү салыштырмалуу аз убакытта пайда болуп, педагогикалык ишмердүүлүктө кеңири орун алды. Жаңы билим берүү катары инновация (лингв.) - тилдеги жаңы өзгөрүү (кубулуш), өзүнүн өнүгүшүндө жаңы маалыматтык технологиялардын колдонууга алынышы менен киргизиле баштады. Учурда мааниси боюнча чукул, бирок бири-биринен айырмаланган бир нече аныктама бар [1]:

- кайсы бир жаңы нерсени киргизүү менен жараянды жакшыртуу;
- жаңы идея, метод же орнотмо;
- жаңы идеяларды таасирдүү пайдалануу;
- өзгөрүү, анда ишмердүүлүктүн жаңы аспектисин пайда кылат;
- аткарылуучу чыгармачылык идея;
- экономикалык, техникалык, социалдык, педагогикалык жана башка областтарда жаңы идеялар, ойлоп табуулар, ачылыштар менен байланышкан өзгөртүп түзүүлөргө жаңы киришүүлөр.

Инновациялык жараян кыргыз тилинде жакындаш мааниде дагы жаңылык, пайда болуу, иштелип чыгышы, өздөштүрүлүшү, колдонулушу, жайылтылышы жана өзгөрүшү сыяктуу түшүнүктөрдү билдирет, ошондой эле инновация каражат жана жараян катары кайсы-бир жаңыны максатка ылайык киргизүүнү алдыга коёт [2]. Педагогикалык жараянга колдонууда инновация максатка, мазмунга, метод жана окутуунун методу жана тарбиялоого жаңылануну киргизүү, ошондой эле окутуучу менен окуучунун өз ара бирдиктеш ишмердүүлүгүн уюштуруу.

Билим берүүдө инновациялык жараяндын негизин түшүнүүдө педагогиканын эки негиздүү көйгөйүн билип алуу зарыл: жалпылоо жана алдынкы педагогикалык тажрыйбага тартуу; психологиялык-педагогикалык илимдердин жетишкендиктерин практикада ишке ашыруу.

Инновациялык жараяндарды диагностикалык методикалык окуп билүү алдын ала карайт жана көзөмөлгө алат:

- профессордук-педагогикалык кызыкчылыктарды, талаптарды окутууда баалуулуктун багыттарын системалык түрдө окуп билүү, бардыгы

педагогикалык ишмердүүлүктө реалдуу кыйынчылыктарды жеңүүнүн негизинде калыптанат;

- педагогдорду кызыктырган талаптарды канааттандырууга багытталган жолдорду, концепцияларды алдынкы педагогикалык тажрыйбаны издөө;
- окутуунун инсандык өзгөчөлүктөрүнө туура келүүчү педагогикалык инновацияларды өздөштүрүү жана ишке ашыруунун түрлөрүн тандоо (көрсөтүү, жазып берүү, ачык сабактар, адабияттарды окуп билип өздөштүрүү, докладдарды даярдоо, эксперименталдык жумуштарга катышуу ж.б.).

Эми педагогикалык технологияга берилген кээ бир аныктамаларга көңүл бурсак. С.И.Ожеговдун сөздүгүнө ылайык, технология - аныкталган өнөр жай тармактарындагы жараяндардын көптүгү, ошондой эле өндүрүштүн иш ыкмаларын илимий тилде жазып чыгуу технология (грек. techne – маданий, чеберчилик, билгичтик; logos – сөз, окуу) – кайсы бир жараянда аткарылуучу методдордун көптүгү. Мындан педагогикалык технология бул окутуучулардын өнүгүү, окутуу жана тарбиялоодо эрежелерди, ага карата педагогикалык ыкмаларды, жөндөмдөрдү аракет кылуунун көптүгү. Ал эми эл аралык педагогикалык технологияларга арналган басмалардан мындай түшүнүктү кабыл алууга болот: «Педагогикалык технология бул жөн эле окутууда технологиялык каражаттарды же компьютерлерди пайдалануу эмес, ошондой эле окутуу жараянында принциптерди ачыкка чыгаруу жана ыкмаларды оптималдаштыруу. Буга жетүүдө билим берүүнүн натыйжалулугун жогорулатуучу факторлорду анализдөө жана ыкмалардагы материалдарды колдонуу, ошондой эле колдонуучу методдорду баалоонун негизине жетүү». Япондук окумуштуу-педагог Т.Сакамотонун мүнөздөмөсү боюнча, педагогикалык технология өзүндө-педагогикага ой жүгүртүүнүн системалык ыкмасын киргизүүнү көрсөтөт, мында башкача белгилесек, «билим берүүнү системалаштыруу».

Технология тигил же бул ченемде илимий идеяларды, жоболорду, теорияларды практикада ишке ашырууга багытталган. Ошондуктан педагогикалык технология илим менен практиканын ортосундагы абалды ээлейт.

Педагогика илиминде инновациялык ишмердүүлүк максатка ылайык багытталган педагогикалык ишмердүүлүк катары түшүндүрүлөт, ушундан жогорку жыйынтыктарга жетүү максатында, жаңы билимди алуу, башка сапаттуу педагогикалык практиканы ишке ашырууда окуу-тарбиялык жараяндарды өзгөртүү жана өнүктүрүүнүн жардамы менен өздүк педагогикалык тажрыйбаны арттыруу.

Окутуунун инновациялык ишмердүүлүккө даярдыгы тууралуу суроону карап көрсөк, көп изилдөөчүлөрдүн ойлору боюнча мындай мүнөздөмө берилиши мүмкүн:

- өздүк профессионалдык алып жүрүүсүнүн варианттарын билүүдө чыгармачылыктын талаптуулугу;
- кызматташуу шарттарында жемиштүү ишмердүүлүктү уюштурууда жөндөмдүүлүк жана адекваттуу каражатты жана өз алдынча өнүгүү методдорунун даярдыгы;
- педагогикалык ишмердүүлүк ыкмаларынын системасында эркин багыт алуу билгичтиги.

Инновациялык ишмердүүлүктү ишке ашыруудагы даярдык, анын компоненттеринин мотивациясы, креативдүүлүк, технологиялык жана рефлексивдик негизги структуралык бирдиктүү контекстин тариздөөдө гана болушу мүмкүн. Каралган көйгөй эки бирдиктүү маселени чечүүнү талап кылат: жаңыны кабыл алууга жана жаңыча аракет кылууга билгичтикти өнүктүрүүдө педагогикалык даярдыкты түзүү. Ошентип, билим берүүдө инновациялык ишмердүүлүк модеринизациялоонун негизи болуп эсептелет.

Инновациялык окуу программаларын түзүүгө киришүү алдында педагогикалык жааматта окутуунун жаңы технологияларын жана тарбияны өздөштүрүү боюнча системалык жумуштар, ошондой эле педагог-экспериментаторлордун тажрыйбаларын пайдалануу.

Педагогикалык жааматтын өнүгүүсүнүн натыйжалуулугу алар канчалык камсыз болгондугунан көз каранды:

- инновациялык технологияга окутуучуларды багыттоо менен бирге бул жараянды билгичтик аркылуу жетектөө;
- болгон технологиялык ресурстарды талдоо;
- долбоорлоо билгичтиги;
- жамааттын ишмердүүлүгүн уюштуруу жана талдоо;
- рефлексия аркылуу окутуучулардын тажрыйбаларын өздөштүрүү билгичтиги жана аны технологиялык формада билдирүү, өздөштүрүүнүн технологиясын ыкташтыруу билгичтиги;
- инновациялык ишмердүүлүктүн күчүндө өзүнүн мурунку тажрыйбасына позитивдүү баа берүү;
- техникалык даярдык.

Педагогикалык технологияга инновациялык билим берүүнү ишке ашырып, жайылтууда бирдиктүү педагогикалык жараянда компьютердик технологияны, Интернет сервистерин жана телекоммуникациялык каражаттарды оптималдуу пайдалануу (окутуучу менен стденттердин убактысын, ишке жөндөмдүүлүгүн үнөмдүү пайдаланып, жогорку натыйжаларга жетишүү мүмкүндүгү) [3].

Мындан инновациялык окутууну практикада колдонууда дистанттык билим берүү жаңы маалыматтык технологиянын көптүгү катары окуучуларды үйрөнүүчү материал менен негизги көлөмүн камсыз кылат, окуу жараянында окуучулар менен окутуучунун өз ара байланышы интерактивдүү, окулуучу окуу материалын, ошондой эле окутуу жараянында өздөштүрүүдө студенттердин өздүк ишинде көрсөтүп берүү.

Билим берүү жараянында дистанттык системанын колдоочусу болуп билим берүү маалымат ресурстары негизги инструменттик каражат катары эсептелет. Ал билим берүү мекемесинин маалымат мейкиндиги жана глобалдык Интернет тармагы көп көйгөйлөрдү чечүүгө шарт түзөт [4-5,8].

Дистанттык окутуу үчүн категориялардын тариздөөсүнөн адаттагы окутууну аныктоодо автордун (А.В. Барабанщиков) туура көз караштарын келтирсек.

1. Окутуу – профессионалдык ишмердүүлүгүн аткаруу үчүн керектүү илимий жана прикладдык билимдер, билгичтик жана көндүмдөр, ой жүгүртүүнү өнүктүрүү, чыгармачылык жөндөмдүүлүктөр, өздүк керектүү сапаттарды угуучулардын ээ болушунда активдүү окуу–таанып билүү ишмердүүлүгүнө түрткү берүү жана уюштурууда эң максатка ылайык педагогикалык жараян.

2. Билим берүү – педагогикалык ситеманын чегинде өтүүчү окутуучу менен окуучунун ишмердүүлүгү менен өз ара байланышкан жараян.

3. Окутуу – эки жактуу жараян, анда окутуучу менен окуучу өз ара байланышат жана анын жүрүшүндө билим берүү, тарбия иштери жана адамдын өнүгүүсү максатка ылайык ишке ашырылат.

4. Билим берүү – келечекте профессионалдык жана окуу ишмердүүлүгүндө окутуучу менен окутуудагы субъектилердин бирдикте ишмердүүлүгү, алдыдагы максатты өркүндөтүү, аларда билимди, билгичтикти, көндүмдү, дүйнөлүк көз караштын элементтерин калыптандыруу.

5. Окутуу – максатка ылайыктуу, системалык уюштурулган жараян.

Аныктамалардын талдоосунан түйүндүк үч сөздү бөлүп алууга болот: жараян, өз ара аракеттенишүү (башкаруу) жана педагогикалык система. Калган сөздөр жана фразалар окутуунун ар кандай интерпретациялык максатын аныктай алат. Ушундан улам адаттагы окутуу формасынын жигердүү жетишкендиктерин дистанттык билим берүүдө дидактиканын негизги принциптери катары карап, инновациялык педагогиканы технологияга ылайыктап пайдалануу мүмкүнчүлүгү бар экендигин тастыктап кетүүгө болот.

Дидактиканын принциптери - билим берүүнүн жана тарбиянын максатына ылайык окутуунун мыйзам ченемдүүлүктөрүн пайдалануу усулун мүнөздөөчү дидактикалык категория. Илимдин негизине терең ээ болуу үчүн билимди бекем системалуу тартипте өздөштүрүү керек, улам кийинки илимий жобо мурдагылардын жалпыланган тыянагынан келип чыгып, мурдагы илимий түшүнүктү кийинкилери өнүктүрүп олтуруусу зарыл деп белгиленген [6].

Окутуучунун иновациялык ишмердүүлүккө ээ болуусу анын өздүк профессионалдык өнүгүшүнө кубаттуу фактор боло алат, студенттерди окутууда жана педагогдун профессоналдык жетишүү системасында жаңы билим берүү жыйынтыгына жетишүү үчүн шарттарды түзөт.

Эми адаттагы окутуу формасына дистанттык билим берүү формасын салыштырсак, окутуу билим берүү жараянындагы жаңы окуу мекемеси катары студенттин өз алдынча окуу принцибине таянат. Окутуу чөйрөсүндө окуучу, негизинен, окутутуучудан мейкиндик же убакыт боюнча алыстатылгандыгы менен мүнөздөлөт, ошол эле убакта алар телекоммуникация каражатынын жардамы менен диалогду каалаган учурда пайдалануу мүмкүнчүлүгүнө ээ [7]. Интернет тармагында иштөөдө билгичтикке ээ болуу, окутуучулар үчүн Интернет билим берүү мейкиндигин өздөштүрүүдө консультат-өткөрүүчү болуу жана үзгүлтүксүз билим берүүдө көндүмдүктү калыптандыруу максатында аларды маалыматтык ресурстарды натыйжалуу пайдаланууну үйрөтүү.

Дистанттык билим берүүнүн педагогикалык негизинин байланыш формасы. Бул жыйнактуу байланыш, принцибинде талдоо мүмкүн (келип чыгуу, өзгөртүп түзүү, түзүлүш, таасирдүүлүктү, өнүгүү, башкаруу байланыштары) өзгөчө таасирдүүлүгү жана өнүгүү байланыштарына көңүлдү ар тараптуу топтоо максатка ылайыктуу. Анткени коомдун алга жылууда биринчи кезектеги талабы билим берүү системасы жана педагогика илими атуулдун (индивиддин), коомдун жана мамлекеттин кызыкчылыгын көздөп өнүгүшү керек [3].

Жогоруда айтылгандарга салыштырсак, дистанттык окутууга карата педагогикалык теориянын жана инновациялык технолгиянын жаңыдан иштелип, пайдаланууга алынып келе жаткандыгын түшүнүүгө болот. Бул кырдаал педагогикада инновациялык билим берүүгө байланышкан көйгөйлүү масе-

лелерди кайрадан иштеп чыгуунун керектүүлүгүнө алып келет, алсак, дидактиканын (окутуунун, үйрөтүнүн) принциптери, ошондой эле мыйзам ченемдүүлүктө нормативдүү-укуктук камсыздоо. Ошондой эле дистанттык билим берүүнүн көйгөйлөрү менен иштеген илимий-педагогикалык чөйрөнүн өз ара рационалдуу пайдаланылышы керек.

Жыйынтыгында, билим берүү системасында жаңы маалыматтык технологияга (интернет, телекоммуникация, компьютердик технологияга) өтүүдө адаттагы педагогикалык ишмердүүлүк талапка ылайык жаңы өзгөрүүлөргө туура келери аныкталды. Анткени педагогикалык ишмердүүлүктүн инновация түшүнүгү жана жараяны боюнча багытталышы дистанттык окутууну практикада ишке ашырууда жана коомдун бардык тармактарына жайылтууда өзүнүн зор таасирин тийгизери тастыкталды.

Адабияттар:

1. Абдылдаев О.Т. Абдылдаев Ч.О., Токтомамбетов К.И. Физикалык электрониканын өнүгүү тенденциясынын билим берүүдөгү инновациялык педагогикалык технологияга тийгизген таасири.// Наука и новые технологии. - № 1. - 2011. 256-259 - бб.
2. Бекбоев И. Инсанга багыттап окутуу технологиясынын теориялык жана практикалык маселелери. Б.: Педагогика, 2003. -276-281. - бб.
3. Абдылдаев О.Т., Абдылдаев Ч.О., Өмүрканов Т.А. Дистанттык билим берүүнүн педагогикалык негиздери. //Известия вузов. - № 1. -2011.
4. Абдылдаев О.Т. Бейшеналива У.У. Токтомамбетов К.И. Жаңы маалыматтык-коммуникациялык билим берүү чөйрөсүнүн шарттарында педагогдордун профессионалдык ишмердүүлүгүн өркүндөтүү боюнча даярдыктарын анализдөө. //Известия вузов.- 2011.
5. Абдылдаев О.Т., Бабаева Н.М., Өмүрканов Т.А. Дистанттык (аралыктан) билим берүүнүн негизги өзгөчөлүктөрү жана артыкчылыктары. //Известия вузов. -№ 5. – 2010 - 268-270 - бб.
6. Апыш Б., Бабаев Д., Жоробеков Т. Педагогика. -Б., 2002.- С.188-195.
7. Полат Е.С. Дистанционное обучение: Учебное пособие. - М.: Гуманит. изд. центр ВЛАДОС, 1998.
8. Абдылдаев О.Т., Жапаров Н.Т, Өмүрканов Т.А. Дистанттык квалификацияны жогорулатуунун мүмкүнчүлүктөрүн аныктоо.//Вестник КГУСТА. -№ 4 (30). - 2010.